**Отчеттун № 40864-КГ**

# Кыргыз Республикасы: Кедейчиликтин абалын баалоо

***Негизги жыйынтыктары***

**12 сентябрь 2007-жыл**

**Кедейчиликти жоюу жана экономикалык башкаруу сектору**
**Европа жана Орто Азия региону**

**Дуйнолук Банктын документи**

## *Киришүү сөзү*

1. Бул отчетто Кыргыз Республикасы жөнүндө үч маанилүү суроого жооп берүүгө аракет жасайбыз:

- Кедейликтин азыркы абалы кандай?
- Экономиканын өсүшү кедейчиликтин деңгээлине кандай таасир этүүдө?
- Жумуш табуу базары кедейчиликтин абалын өзгөрткөнгө кандай таасир этип жатат?

2. Бул суроолорго жооп алуу азыркы учурда эң маанилуу болуп эсептелет, анткени өкмөт өзү жакында бекиткен орто убакыттык Өлкөнү Өнүктүрүү Стратегиясын аткарууга киришип жатат. Азыркы кезде Кыргыз экономикасы тез өзгөрүүлөргө жана кыйнчылыктарга дуушар болууда. Борбордук пландаштуруу системасынан базар экономикасына өтүүчү реформанын дагы көп нерселери бүтө элек. Ошентип калктын бакубат жашоосун жакшыртуу, бизнес секторду жана конкуренцияны өнүктүрүү аракеттери болуп жатат. Акыркы жылдардагы саясий олку-солкулар жана аны менен бирге, начар башкаруу системасы инвесторлордун азайышына алып келди; жергиликтүү жана чет элдик инвесторлор 2000-2005-жылдары өздөрүнүн акчаларын орто же узак убакыттуу долбоорлорго тобокелге салуудан баш тартышты. Андан сырткары, сырткы экономикалык чөйрөдөгү зор өзгөрүүлөр – эмгек миграция, мигранттардын үйүнө жөнөткөн акчалары жана Казакстан, Кытай менен соода өсүшү - Кыргызстандын экономикасына чоң таасирин тийгизүүдө.

3. Ал эми социалдык камсыздык менен кедейчиликтин байланышын карап көрсөк, ушул он жылдыктын биринчи жарымында абал төмөндөгүдөй болду. Кыргызстан дын экономикасы акырындык темп менен өсүп жатса да, жалпы жана курч кедейликтин төмөндөөсүнө жете алды. Эмгек мигранттарынын акча которуулары элдин жашоосун жакшыртууда, жана кедейчиликти түз же кыйыр жол менен кыскартууда өтө маанилуу ролду ойноп жатат. Бирок бул каражаттардын көбүнчөсү инвестицияларга багытталбастан, күнүмдүк сарптоого жана турук жай салууга жөнөтүлүп жатат. Башка жагынан, менчик сарптоолор абдан жогорулананы кедейлерге пайда алып келип жатат: ишке орноштурууга жана айлыктарын көбөйткөнгө мүмкүнчүлүктөр жогорулоодо. Мүмкүн жакын аралыкта көп үй-бүлөлөр өз муктаждыктарын канаттандыргандан кийин, мигрант акчаларынын кандайдыр бир бөлүгү өлкөгө инвестиция болуп агып келет, бирок көп нерсе бизнес климатын жакшыртууга байланыштуу болот.

## *Кедейчиликтын мүнөздөмүсү*

4. Кыргыз Республикасы негизинен айыл чарба өлкөсу болуп саналат: айыл чарба сектору республиканын экономикасына зор салым кошо албай жатса да, калктын үчтөн эки бөлүгү айыл жергесинде жашайт. Өлкөнүн борбору Бишкек жана аны курчап турган Чуй облусу, айылдагы чарбаны таштап, Кыргызстандын ичинде же сырткы өлколөрдөн жакшы жошоо издеп жүргөн жумушчуларга магнит калаа болууда. Өлкөнүн түндүк бөлугу – орточо кирешелуу жана экономикасы мунайга бай - Казахстан менен чектешет. Ал эми өлкөнүн түштүк жактары жыш калктуу, төмөн кирешелуу жана экономикалары реформадан көп өтпөгөн Өзбекстан жана Тажикистан менен чектешет. Кыргыз Республикасы тоолуу өлкө; Бишкек жана Чүйдөн башка көпчүлүк региондору дээрлик тоолуу келет. Буга байланыштуу, социалдык кызматтарды жана инфраструктураны ошол жактарга жеткирүүнүн чыгымы жогору болгондуктан, бул кызматтар тоолуу жерлердин көбүнчө калкына жетпей жатат; ошол себептен калктын жашоо тиричилиги начарлап жатат.

5. Кыргыз Республикасында 2005-жылы ченелген кедейчиликтин деңгээли калктын 43.1 пайызын түзгөн. Чекке жеткен (же курч) кедейчилик болсо – ал тургай тамак-ашка да жетиштүү акча таба албаган адамдар - калктын 11.1 пайызын түзгөн. Шаарларга караганда (шаардык калктын 30 пайызы кедей), кедейчиликтин деңгээли айыл жерлеринде жогорураак (айылдык калктын 51 пайызы). Кедейлердин көпчүлүгү айыл жергесинде жашайт – башкача айтканда, ар бир төрт кедей адамдын үчөөсү айыл жергесинде жашашат. Курч кедейчилик шаарга караганда айылда эки эсе чоң: айыл жашоочулардын 14 пайызы терең кедейчиликте жашашса, шаарда болгону 7 пайыз калк ушундай жакырчылыкта. Джини

коэффициенти боюнча кирешелердин теңдик эместигин ченегенде, бул көрсөткүч 0.28 болгон; бул Европанын жана Орто Азиянын көп өлкөлөрүнө караганда жакшыраак абалды көрсөтүүдө. Кедейчиликтин деңгээли региондор арасында бирдей эмес: Баткен, Ысыккөл, Жалалабат, Ош, жана Нарын облустарында калктын 50-дөн ашык пайызы кедейчиликте болушса, ал эми Бишкек жана Чүй облусунда кедейчиликтин деңгээли калкынын 11 жана 22 пайызын түзгөн. (Талас 44 пайыздай болот).

**График 1: Жалпы кедейчиликтин деңгээли, 2005**




Маалымат булагы: УСК, ҮЧИИ 2005[1]
Кыпчыма сөз: 1. Жалпы кедейчиликтин темпи биринчи графикте көрсөтүлгөн.

6. Кедейчиликтин акчалай эмес көрсөткүчтөрүнүн шаардык жана айылдык адамдардын ортосунданы айырмасы көзгө дароо байкалат, анткени бул өлкөнүн тоолуу жаратылышына, региондордо калктын аз жыштыгына жана кызматтарды жеткирүүнүн чоң финансылык наркына байланыштуу. КМШнын башка өлкөлөрүндөгүдөй эле, электр тогу шаарда да, айылда да бар. Бирок, башка өлкөлөргө караганда, айылда негизги муниципалдык шарттар – мисалы, суу, мусор чогултуу кызматы, жана аккан суу системалары – кедей жана орто жашагандарга бирдей түрдө жетишпейт, анткени бул кызматтарды дегеле бийик тоолуу аймактарга жеткирүү кыйынга турат, жана калк да ал жерлерде жыш жашабайт. Шаардык аймакта, байыраак үй-бүлөөлөр негизги инфраструктура кызматтарын кедейлерге караганда кыйналбай эле алышат: алар борбордук үй жылытуу системасына, суу, душ-ванна, телефонго жана борбордук газ системасына ээ. Бирок, ал жерде да шаардык орто жашагандардын үчтөн бир бөлүгү жок дегенде бир негизги деп эсептелген шарттарга ээ эмес. Ошентип, акчалай эмес шарттарды карап көрсөк, калктын дээрлик көп бөлүгү сөзсүз бир жеринен кем, кедейчиликтин жок дегенде бир көрсөткүчүнө туура келет.

**Таблица 1: Кызматтардын жетишкендиги, 2005**
*үй чарбалардын %*

| | Шаар | | Айыл | |
|---|---|---|---|---|
| | Кедей эмес | Кедейлер | Кедей эмес | Кедейлер |
| **Кыймылсыз мүлк** | | | | |
| Жеке менчикте, % | 92 | 91 | 97 | 97 |
| Жашоо аянты, адам башына, м2 | 13 | 9 | 16 | 12 |
| **Суу булагынын жайланышы**, жалпы көлөмүнүн % | | | | |
| Үйдүн ичинде | 66 | 29 | 11 | 3 |
| Коридо | 27 | 41 | 35 | 27 |
| Сыртки көчөдө | 7 | 30 | 54 | 70 |
| Канализацияга кошулгандыгы | 54 | 27 | 11 | 3 |
| Телефон | 61 | 28 | 23 | 12 |
| Электр энергиясы | 100 | 100 | 100 | 100 |

Булагы: ҮЧИИ 2005

7. Кедей адамдардын жеке мүнөздөмөсү Орто Азиянын башка өлкөлөрүндөй эле. Бул үй-бүлөлөр адатта көп балалуу, жаш балдары көп, жана кедейчиликтин сызыгынан төмөнкү көрсөткүчүндө жашашат. Мисалы, эки баласы бар түтүн (үй-булө) кедейчиликте болушунун мүмкүнчүлүгү экиден бир болуп саналат. Андан башка, адамдын билими да жакырчылыкка түздөн түз байланышы бар. Жогорураак билим деңгээли бар адамдар көбүнчөсү кедейчиликтен качып кутулган: үй ээсинин жогорку билими бар үй-бүлөлөрдүн ичинен 18 пайызы эле кедей болуп саналса, орто мектепти бүтүргөн үй ээси башкарган үй-бүлөлөрдүн 53 пайызы жакырчылыкта болуп саналат.

### *Кедейчиликтин багыттары жана экономикалык өнүгүүгө тийгизген таасири, 2000-2005-жж.*

8. Кыргыз экономикасы 2000-2005-жылдардын ортосунда жыл сайын 3.7 пайызга өскөн. Аны менен бирге, кедейчилик 63 пайыздан 43 пайызга төмөндөдү, курч кедейчилик 33 пайыздын 11 пайызга төмөндөдү – бул кедейчиликтин экономикалык өсүшү менен күчтүү байланышы бар экендигин көрсөтөт. Жакырчылыктын тескей төмөндөшү теңсиздикти азайтуу жана кедей адамдардын арасында күнүмдүк сарптоонун көбөйүшүнө алып келген. Мисалы, 2003-2005 жылдардын ичинде изилдөөдөн өткөн калктын эң бай 60 пайызды түзгөн үй-бүлөлөр сатып алуу күчүн

[1] Үй чарбалардын интеграцияланган изилдөөсү

жылына 4 пайызга өскөнүн көрсө, эң начар жашаган калктын 40 пайызынын сатып алуу мүмкүнчүлүктөрү жылына 10 пайызга өскөн - бул албетте жакшы көрсөткүч. Бул, шаардык да айылдык да үй-бүлөлөрдүн турмуш-тиричилигине жакшы таасир берип, кедейчилик эки жерде тен байкаларлык азайды. 2003-жылдан бери жакырдыктын төмөндөшү бардык региондордо текши болгон эмес. Ысыккөл, Жалалабат жана Ош облустарында башкаларына караганда кедейчилик көп кыскарган жок. Бирок жалпысынан, кедейчилик бардык эле облустарда төмөндөгөндөй болуп жатат. Баткен жана Нарын облустары 2003-жылы көзгө көрүнөрлүк жылыштарга жетишип, 2005-жылы кедейчилик 24 жана 21 пайызга төмөндөгөн.

**График 2: Жан башына керектөө чыгымдардын өзгөрүүсү, 2003-2005 жж.**

*% -га өсүшү, дециль топтору боюнча*




Маалымат булагы: УСК жана авторлордун эсептери

9. Кедейчиликтин экономикалык өсүүгө болгон реакциясы таң каларлык эмес: менчик сарптоо темпи 2000-2005-жылдары экономиканын өсүшүнө алып келди, бирок ал каражаттар экономикалык туруктуу өсүүнүн көрсөткүчтөрү болуп эсептелген инвестиция же экспортторго жумшалган жок. Андан сырткары, сектордук тараптан алганда, өнүгүүнүн негизги түрткүчтөрү 2000-2003 жылдарда айыл чарба, соода жана туризм болчу. 2003–2005 жылдары соода жана туризм экономикага көбүрөөк салым кошуп, анын артынан турак жай куруу, транспорт жана коомдук башкаруу секторлору бул өнүгүүгө кошулду. Бул секторлордун өсүшү жумуш күчүнүн структурасынын өзгөрүүсүнө алып келди. Айыл чарбасынан башка бардык секторлордо иш орундары түзүлүп, алар толуктанып жатты. Соода, туризм жана имарат куруучу компаниялар – төмөн айлык төлөгөн секторлору – Кыргыз Республикасында жумуш камсыздоонун жогорулашына алып келди. Ушул өнүгүп жаткан үч сектор кана - соода, туризм жана айыл чарбасы - өндүрүмдүүлүктү жогорулаткан; демек экономикадагы жалпы өсүп жаткан айлыктар келечекте туруктуу боло албайт.

10. Экономикалык өсүүнүн жеке сарптоого айланышынын үч жолу бар: айлыктар, социалдык трансферттер (пособия, пенсиялар), жана жеке трансферттер (мигранттардын акчалары жана дос-тууғандардан түшкөн белектер). Аябай начар жашаган үй булөлөрдун жалпы кирешесинин 50 пайызы эмгек менен тапкан акчалар. Кыргыз Республикасында 2003-2005 жылдары, эң начар жашаган калктын 20 пайызынын кирешелеринин бардык түрү өсүүгө дуушар болуп, анын ичинен коомдук жана жеке трансферттери 80 пайызга жана эмгектен түшкөн киреше 50 пайызга өскөн. Бирок, экинчи квинтиль тобу (орточо кедейлер шкалага туура келет) жумуш табуу базарында көп ийгиликтерге жетишип, арткени эмгек кирешелери 80 пайызга өсүшү менен алып жаткан социалдык пособиелери 25 пайызга төмөндөгөн.

## *Жумуш табуу базарындагы жылыштар жана кедейчиликти жоюу*

11. Жакыр жашаган үйлөрдүн кирешесинин маанилүү булагы айлыктардан тургандыктан, жумуш табуу базарындагы жакшы жылыштар - алардын жашоо-шартын ондоодо негизги ачкыч болуп эсептелет. Жумуш табуу базарында жакшы натыйжалар жогорураак жашоо стандарттарына жана жумуш түзүү аркылуу начар жашоону кыскартууга алып келет, ар бир иштеген саат акысынын жогорулашына жана жалпы жумуш акыларынын көтөрүлүшүнө алпарат. Эми, мындай жылыштар туруктуу жана келечекте артка кетип калбасы үчүн, бул аракеттер жумушчунун өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу менен бирге жүрүш керек. Антпесе, эмне үчүн жумуш берген адамга, жумушчу мурдагыдан көбүрөөк пайда алып келбесе деле көбүрөөк төлөшү керек?

12. Кыргыз Республикасында, 2000-2005-жылдарда, жумуш түзүү орточо темп менен жылына 1.8 пайызна өскөн. Бирок, бул өсүп жаткан жумуш күчүнө караганда төмөн болгондуктан (1.9 пайыз), жумушсуздук 2005-

жылы 8.1 пайызды түскөн. Бирок чынында жумуш орундары түзүлүп келген жана мурдараак айтып кеткендей, бул иштерде төмөнку квалификациядагы төмөн айлыкка адамдар алынган; натыйжада билими төмөнүүрөк кедейлерге жакшы болгон. Начар жашаган адамдардын ишке орношуусу чыныгы эмгек акылардын жогорулашы менен бирге жөрдө. Ошентип, жалпы маалыматка караганда, жумуштар көбүрөөк түзүлүп жатты, жана эмгек акылары да өсүп жатты. Бул көрүнүш идеалдуу болуп кала бермек, эгер бир «бирок» деген маселе болбогондо: чыныгы эмгек акыларынын өсүшү өндүрүмдүүлүктүн өсүшүнөн ашып кетти (эмгек акысы 11 пайызга көтөрүлсө, эмгектин өндүрүмдүүлүгү 2 пайызга кана өскөн). Башкача айтканда, орточо сан менен чыныгы акылар жумушчу аткарган натыйжадан да тез өсүп жатты. Бул бара-бара жумуш берүүчүлөрдүн айласын кетирчу кубулуш.

**Графие 3: Иштеген калктын экономикалык ишмердик түрлөрү боюнча бөлүнүшү**
*жалпысына,%, 1990-2005*




Маалымат булагы: УСК

13. Бул абалды дагы бир нерсе татаалдаштырды: Кыргызстанда жумуш табуу базары аябай бөлүнгөн, бул чөйрөдө аябай түүрдүү структуралар бар. Шаардык жана айылдык иш жумуштарынын ортосунда чоң бөлүнүү бар; ошондой эле бөлүнүү формалдуу жана формалдуу эмес жумуш табуу базарында, аялдар мене эркектердин жумуш табуу базарында. Ошентип, жумуш табуу базарында бул чөйрөлөрдүн ар биринин өз өзгөчөлүктөрү, мүнөздөмөсү болуп, негизги көрсөткүчтөрү, кедей жана жакшы жашагандар үчүн да өз айырмачылыктары бар. Кыргызстанда бардык жумуштун учтөн экиси айылдык сектордо (2003-ж маалымат) жана булардын дээрлик көпчүлүгү (63 пайызы) айыл чарбасына байланышкан. Айылдагы башка иштерге төмөнкүлөр кирет: бюджеттик иштер (мектеп, оорукана, айыл өкмөтү жана башка өкмөт структуралары), кызматтар, өзгөчө соода сектору, айылдагы жумуштардын 12 пайызын камсыз кылат; андан башка өндүрүш, кен казуу, калган 8 пайыз жумушчуларды тузөт. Ал эми 1/3 бөлүк эл өзүнө өзү жумуш тапкан адамдар, дагы 1/3 бөлүгү – жумушта иштегендер, жана 20 пайыз адам - акы албаган, үй булө жумушун аткарган адамдар. Жалпы маалымат боюнча, айылдагы ишке жарамдуу калктын 8 пайызы жумушсуз.

14. Айылдык сектордо, жумуш табуу базарынын көрсөткучтөру кедейлер үчүн чынында начар. Айылдагы иштеген кедейлер (алардын көбүнүн жумушу жок) жакшыраак жашагандарга караганда чоңураак үй-бүлөлөрдө турушат жана айлыгы төмөнүрөөк иштерде иштешет. Мисалы, кедейлердин арасында жумушсуздук темпи жогорураак - 9 пайыз, кедей эместердк - 6 пайыз. Жумушу бар көпчүлүк кедейлер фермада/чарбада иштешет – алар бардык фермерлердин 60 пайызын түзөт – ошондуктан, айыл чарбаны өнүктүрүү өлкөдө кедейчиликти жоюуда маанилуу ролду ойнойт. Ал эми чарба эмес башка секторлордо иштеген айылдыктар кедей эместердин 60 пайызын тузөт. Андан башка, кедей адамдардын бош убактылары көп, жана алар орто жашагандарга караганда, 20 пайызга азыраак саат иштешет (жумасына 6.5 саат айырма). Эң акырында белгилөөчү маанилүү нерсе - айылдык кедей жумушчулар - көп балалуу болушуп, алардын мойнунда көп көз каранды жандар бар.

15. Шаарда жумуш табуу базары абдан түрдүү. Кыргыз Республикасынын шаардык калкынын жарымы борбор шаарда жашайт. Шаардык жерлери, өзгөчө Бишкек, жогорураак акыдагы жумуштарды бере алган соң, ички мигранттарды өзүнө тартат; ички мигранттар шаардагы ишке жарамдуу калктын 29 пайызын тузөт. Жумушсуздук деңгээли шаарда 13 пайызды түзүп, айылдагыга караганда жогорураак келет. Буларга, каалоосуз иштебеген адамдарды кошсок, жумушсуздук 16 пайызга жетет (сегиз иштейм деген адамдын ичинен бирөөсү ишсиз калат). Шаардык секторунда жумуштардын 44 пайызы тейлөө секторуна туура келет. Андан кийин 19 пайызы – өндурүштө, 8 пайызы – курулушта жайгашкан. Көпчулук эл (иштегендердин 72 пайызы) уюм/компаниянын кол алдында иштешсе, 22 пайызы өзүн өзү жумушка алган адамдар. Дагы, ар бир үч жумуштун бирөө формалдуу

эмес сектордо, башкача айтканда, бул жумуштар мамлекеттин мыйзам көзөмөлүнөн сыртында турушат. Ошондой эле, көп жумуш колдору бош убактылары көп (алар жумасына 34 саат иштешет).

16. Шаардык жерлериндеги кедейлер, шаардык эмес кедейлерге караганда, алда канча начар жумуш табуу көрсөткүчтөрүнө ээ: алардын жумушсуздук деңгээли жогоруураак (салыштыруу: 18 пайыз жана 10 пайыз), ишке орношуу темпи төмөнуроөк (51 пайыз - 60 пайыз), жана кара куч жумуштарына катышуу темпи да төмөнүрөөк. Ошентип, бул кедей үй бүлөлөрдө эмгекке жараган адамдар жакшы жашаган үй-булөлөргө караганда көп болсо да, алардын жарымы гана жумушка ээ. Андан сырткары, ар бир шаардык жумушу бар кедей орто сан менен үч адамды багат, ошол эле кезде кедей эмес жумушу барлар эки адам үчүн жоопкерчиликтуу. Шаардык кедейлердин орточо 60 пайызы неформалдык сектордо жана кошумча 11 пайызы чарбада иштейт. Шаардык жумушу бар кедей - формалдык сектордо. Кедейчиликтин дагы бир фактору, бул жумуштун алыс болушу же коомдук транспорттук начарлыгы: 40 пайызга кирген эң төмөн жашаган бардык үй-бүлөлөрдун 17 пайызы коомдук унаанын жоктугунан кыйналышат, ал эми кедей эмес үй бүлөлөрдө бул 8 пайызды түзөт.

17. Бирок шаардык жумуш табуу базарында орчундуу дискриминация бар – бул аял жана эркек жумуш ортосундагы зор айырмачылыгы. Кедей жана кедей эместердин арасындагы айырмадай эле, аял-эркек жумушунун ортосунда айырма бар. Жумуш табуу базарында аялдар эркектерге караганда бардык куракта пассивдүүрөөк, айылда да шаарда да. Кедей аялдардын жалпы экономикага катышуу деңгээли төмөнүрөөк, жана кедейлердин арасында гендердик теңэместик, кайсы сектордо болбосун, күчтүү. Аял эмгегинин төмөн катышуу деңгээли бала багуу же карыны багуу системасынын өнукпөгөндугунөн түшүндүрүлөт. Гендердик бөлүүнү Кыргыз Республикасында андай деле курч болбосо да, аялдар төмөн акы төлөнүүчү жумуштарда көп кездешет. Аялдар эркеке караганда 25-30 пайызга төмөн акы алышат. Мамлекеттик сектордо төмөн айлыктар Адам капиталы менен түшүндүрүлсө, менчик сектордо аял-эркектин айлык айырмасынын себеби түшүнүксуз боюнча калуууда.

### *Кенен карагада - эмне болуп жатат?*

18. Кыргыз Республикасында экономикалык өнүгүү жай жүрүп жатса да, акыркы беш жылда кедейчиликти жоюуда танкаларлык жылыштарга ээ болууда. Бул жылыш менчик сектордо акча айлануу, сарптоого күчөгөндуктөн болду. А бул өз кезегинде арзан жана квалификациясы жок эмгек жумшаган секторлордун кеңейишине байланыштуу. Эң тез өнүгүп жаткан секторлор – соода, туризм жана имарат куруу болду. Ошол эле кезде, Россия жана Казакстан сыяктуу сырт өлкөлөрдөн келген акча которуулар жогорулады.

19. Сырттан мигранттар которгон акчалардын өсүшу ички (экспортко эмес) секторлордун өсүшу тыгыз байланышта болушу мумкун. Чет өлкөдөн которулган акчалардын көбөйүшү өлкөнун ичиндеги менчик кызматтарга жана товарлардын импортуна талапты күчөттү. Чыныгы айлыктын өсушу продуктивдүүлүктүн темпинен ашып түшүп, жана Кыргыз экономикасынын конкуренттүүлүгүн алсыздандырды. Өлкөдөгу начар башкаруу системасы жана тиешелүү бизнес климаттын өнүкпөгөндүгүнөн, өлкөгө мигранттардан келген каражаттар жөн эле сатып алууга, үй салууга салынды; ал акчалар узак убакыттуу инвестицияларга, же жаңы нерселерди чыгарып сатуучу секторго сарпталынса болмок. Ошентип, акыры келип, Кыргыз Республикасында көзгө көрүнөрлүк инвестициялык климаттын болбогондугунан, анын экономикасы экспорт (жумуш күчүнөн сырткары) чыгарууга умтулбаган өлкө болуп кала бериши мумкун.

20. Бул жерде эмне проблема бар? Өзгөчө, эгерде түзүлуп жаткан иштер бир гана билими жок адамдарды жана төмөн акыга макул жакыр группалар үчүн гана болуп жатса? Бул суроого жооп Кыргыз Республикасынын жетекчилери бул абалдан алга жылуунун туруктуу локомотиви катарыбы, же утурумдук, азыр дароо болбосо да, бирок кийинчерээк, өлкөнү акыры барып жакшы реформаларга тартчу нерсе катары карайбы – ошого карайт. Бирок албетте эң чон суроо – бул Россия жана Казакстандын кыргыз эмгек күчүнө болгон муктаждыгы жөнүндөгү проблема – ал эми ал өлкөлөрдөгү нефтинин баасы бул эмгек күчүнөн алда канча чоң айырмада. Эгерде мигранттар алып келген каражаттар өлкөгө аягы жок агып турса, анда

экспортко чыгарууга мүмкүн эмес товар/кызматтар сектору жана ошол эле кезде өндүрүмдүүлүк менен чыныгы айлык акылардын айрмасы чоңойо берсе, бул абал дагы көпкө созулушу мүмкүн.

21. Бирок, мындай абал Кыргыз Республикасын аябай оор жана курч экономикалык кризиске алып келиши мүмкүн, четтен келип турган менчик акчалардын кыскарышына, товарларга жана кызматтарга ички талаптын азайышына, жумушсуздук темпинин жогорулашына, чет өлкөдөгү кыргыз жумушчуларынын кайтып келишине, жана мамлекеттик казнага түшүп турчу каражаттардын азайышына алып келет. Андан сырткары, эгерде өлкөнүн ичинде жумуштардын түзүлүшү жетишсиз болсо, жана иш түзүү боюнча реформалар кечендесе, анда азыр ансыз деле кыйналып жаткан фискалдык чөйрөдө, социалдык коргоо жана камсыздандыруу системасына оор кыйынчылык болушу ыктымал.

22. Бирок бул жерде бир нерсе айкын: экономикалык кеңейүү, жана калктын акчасынын көбөйгөндүгү өлкөнун бардык тарабына тегиз пайда тийгизген жок. Бишкек жана анын айланасына көп акча келир, пайда болду, бирок Ош же Жалалабат андай көп пайда ала алган жок. Дегеле башка кичи шаарлардын кандайдыр-бир чоң компаниялардын шары болгон соң – башка өндүрүштөр Союз кулагандан баштап эле кулап калган. Бирок бизнестин, өндүрүштүн жаңы ордулары пайда болбой жатат. Кыргыз Республикасы «бир полярдуу» өнүгүү жолуна түшкөндүгү айкын болуп калды – бир гана акчалай капитал өлкөну алга жылдыруунун «кыймылдаткыч мотору» болуп баратат. Эмне үчүн Бишкек гана шаардык өнүгүүнүн борбору болуп жатат, жана канчалык деңгээлде анын башка шаарларга караганда жогорку сапаттагы инфраструктурасы, Казакстанга жакындыгы, Бишкек бул өлкөнүн өзүнө баруугa да, ал аркылуу Россияга өтүүгө да жол, жана эмне үчүн бизнес түйүндөрү Бишкекте гана жайгашкан? Муну түшүнүү үчүн өзүнчө изилдөө керек.

### *Кээ бир рекомендациялар*

23. Жогоркуда талкуулаган маселелер кедейчиликтин өнүгүүгө, экономикалык саясатка, жана өкмөттүн ресурстарын региондорго тегиз бөлүштүрүүсүнө тыгыз байланышка экендигин ачык көргөзүп турат. Миграция күчөсө да, мигранттар жөнөткөн каражаттар өлкөгө келип жатса да, кедейчилик жакын арада эле төмөндөөсү күмөн. Бирок, жашоого сергек карабаса, Кыргыз Республикасы чыныгы өнүгүүгө жетпей эле, жана утурумдук абалдан чыга албай эле жүрө бериши мүмкүн.

24. Жакырчылыктан чыгып, өнүгүү жолуна чындап түшүү үчүн эмнелерди эске алуу жана өзгөртүү керек:

- Биринчиден, сырттагы Кыргыз эмгекчилери алып келген каражаттарды өлкөдөгү узак убакыттуу инвестицияларга жана жумуш ордуларын түзүүгө түрткү беруу керек. Бул эң кедей жашаган группалдардын бакубат жашоосуна тезирээк жана туруктуу жол түзөт.[2] Өзгөчө, экспорт секторун өнуктүрүү аркылуу кедейчиликти жоюу - бул экспортко чыгарууга мүмкүн эмес кызматтардын өзүн экспортко чыгарганга караганда, туруктуу жол болору ыктымал. Ошондуктан, экспортко багытталган индустрияларды өнүктүрүүдө, ага керектүү инвестицияларды тартууда бүт тоскоолдуктар менен курөшүүү керек, өзгөчө жумуш колдорду талап кылган тоскоолдуктарды алуу керек. Ошентип, жалпы эле бизнес климатты оңдоо менен бирге, экспортко чыгарууга аракеттенген компаниялардын конкреттүү проблемаларын (мисалы, транспортто, акча алмаштыруу курсу, жана бажы) чечүүгө жардам берүү керек.

- Экинчиден, көпчүлүк кедей калк айыл жерлеринде жашап, айыл чарбада эмгектенгендиктен, айылдык жакырчылыкка каршы стратегия иштеп чыгуу керек. Ал эмнеден турушу керек: (i) айылдык кедейлердин формалдык даяр жолдор менен кредит алуусуна жол түзүү, өзгөчө иштеп жаткан капиталга (ii) дыйкандарга эгин тандоодо, уруктун сапатын текшерүүдө, түшүм сатууда техникалык жардам жана маалымат берүү (iii) дыйкандардын техникага же түшумдүүлүктү көтөрүүгө жардам берген технологияларга, жана (iv) айылдык кедейлердин көпчүлүгүнө ар бир ай сайын

[2] "Дуйнолук экономикалык коз караш 2006: Миграция жана акча котруулардын экономикага тийгизген таасири", Дуйнолук Банк 2006.

алчу пособиелерин бирдиктүү формага келтирип, кеңейтүү.

- Үчүнчүдөн, региондук инвестиция климаты жөнүндө кандайдыр бир изилдөө жүргүзүү пайдалуу болмок; анын негизинде Кыргыз Республикасы экономикалык өнүгүүсүнүн түрдүү тарабы жана темпи боюнча маанилүү түшүнүк алса болот. Кедейчилик айыл жерлеринде шаардык жерлерине караганда жай кыскарып, жана өлкөнүн башка жактарына караганда Ысыккөл, Жалалабат, жана Ош облустарында көбүрөөк кыскарды. Инвестициялык климат боюнча изилдөө жергиликтүү айыл өкмөттөрү тарабынан түзүлгөн чогулуп турган суроолорду, тегиз эмес өкмөттүк акча сарптоолор, жана ар түрдүү денгээлдеги акыл жана эмгек капиталы аркылуу берилген жардамдарды карап чыгууга жардам бермек.

- Төртүнчүдөн, өсүү стратегиясынын бир компоненти катары, билим берүү секторун реформалоо маанилуу иш, өзгөчө орто мектепти жана мектептен кийинки билим менен жумуш базарындагы муктаждыкты байланыштыруу керек. Жакшы өнүккөн техникумдар өнүгүп жаткан өлкөлөрдө аз болгондуктан, орто мектепте жашоого түзмө түз керектүү сапаттарды үйрөтүп, окуучуларды жумуш табуу базарында ылайыктуу иш табууга багыттоо, жана техникумдарга мамлекеттик камсыздыктан сырткаркы каражаттарды издөө - жакшы ой.

- Эн акыркысы, социалдык камсыздоо системасы жакшыртылышы керек: эң кедей коомдук катмарлар социалдык прогораммаларда камтылышы керек. Адамдарды өтө кедейликтин чегине жеткирбей, пособилерди жакшыртуу. Ооба, көпчүлүк киреше неформалдуу жолдор менен же айыл чарбадан келген экономикаларда социалдык коргоо системасын башкаруу/алпаруу кыйын. Бирок, аябай так жана катуу тандоо менен, орто/жакшы жашагандарды башка жактарга агып кетүүсүн минималдаштырса болот.

25. Бул отчет 2000-2005-жылдардагы көрүнүштөргө таянды. 2006-жылдан баштап, эми гана баш көтөрүп келаткан, бирок маанилүү өзгөрүүлөр башталды. Өзгөчө айтканда, соода секторунда жакшы жылыштар болууда: коңшу Кытай жана Казакстан өлкөлөрү Кыргыз кийим/товарларына жана кызматтарына кардар көбөйдү. Бул жаңы жетишкендиктер аябай маанилүү жана өлкөдө жакырчылыкты туруктуу түрдө жоюууга чоң салым кошот.